ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

БИШКЕК ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

ТҮРКПАнын XV пленардык отуруму
2026-жылдын 20-октябры, Бишкек, Кыргыз Республикасы

Түрк мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА)нын “Жасалма интеллект жана технологиялык прогресс доорунда түрк дүйнөсүндөгү парламенттер аралык кызматташтык” темасындагы XV пленардык отуруму 2026-жылдын 20-октябрында Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында өттү. Отурумга Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин, Казакстан Республикасынын Курултайынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Жыйынынын мүчөлөрү, ошондой эле байкоочу статусунда Түндүк Кипр Түрк Республикасынын (ТКТР) Мыйзам чыгаруу жыйынынын өкүлдөрү, мындан тышкары, конок катары Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин өкүлдөрү катышты.

Парламенттик Ассамблея,

- Түрк мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы жөнүндө Стамбул келишиминде, “Түрк дүйнөсү - 2040” көз карашында жана ТүркПАнын 2023-2028-жылдарга карата Стратегиялык жол картасында бекитилген максаттарды жана принциптерди *жетекчиликке алуу менен*, түрк мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтыкты жана тилектештикти чыңдоого болгон милдеттенмесин ырастап;

- Түрк мамлекеттердин ортосундагы бардык тармактарда тез өнүгүп жаткан кызматташтыкка жана бул процесске ТүркПАнын жигердүү салым кошуп жаткандыгына *канааттануу билдирип;*

- Түрк дүйнөсүндө жана андан тышкары тынчтыкты, туруктуулукту жана коопсуздукту туруктуу өнүгүүнүн жана бакубатчылыктын ажырагыс негиздери катары таануу менен, жалпы таанылган эл аралык укуктун ченемдерине жана принциптерине ылайык, атап айтканда,

эгемендүүлүктү, аймактык бүтүндүктү жана эл аралык мамлекеттик чек аралардын кол тийбестигин урматтоого жана колдоого, ошондой эле ички иштерге кийлигишпөөгө байланыштуу принциптерди сактоого болгон *милдеттенмесин дагы бир ирет ырастап*;

- Түрк мамлекеттеринин ортосундагы жалпы тарыхка, тилге, маданиятка, каада-салттарга жана баалуулуктарга негизделген биримдиктин жана тилектештиктин жалпы көйгөйлөрдү чечүүдө жана жалпы кызыкчылыктарды илгерилетүүдө *маанилүүлүгүн баса белгилеп;*

- Тез өзгөрүп жаткан эл аралык шарттарда диалогду өнүктүрүүнүн, өз ара ишенимди чыңдоонун жана мамлекеттердин ортосундагы өз ара байланышты бекемдөөнүн натыйжалуу механизми катары парламенттик дипломатиянын өсүп жаткан *маанисин баса белгилеп*;

- Парламенттик дипломатиянын диалог жүргүзүү, кеңешүүлөрдү өткөрүү, өз ара ишенимди арттыруу жана парламенттик тажрыйба алмашуу аркылуу чыр-чатактардын алдын алууга жана аларды тынчтык жолу менен жөнгө салууга, өз ара түшүнүшүүнү тереңдетүүгө, ошондой эле аймактык жана эл аралык деңгээлде тынчтыкты жана туруктуулукту чыңдоого өбөлгө түзө аларын баса белгилеп;

- Түрк мамлекеттеринин Парламенттеринин жана ТүркПАнын демократиялык башкарууну жана анын принциптерин өнүктүрүүдөгү жана илгерилетүүдөгү, мыйзам үстөмдүгүн камсыз кылуудагы, натыйжалуу мыйзам чыгаруудагы, ошондой эле эл аралык күн тартибин калыптандыруудагы маанилүү *ролун белгилеп*;

- ТүркПАга мүчө мамлекеттердин парламенттеринин жана байкоочу парламенттердин тышкы саясат жаатындагы кызматташтыкка, эл аралык диалогго жана өз ара түшүнүшүүнү өнүктүрүүгө кошкон салымын, ошондой эле бул максаттарды колдоо үчүн парламенттер аралык өз ара аракеттенүүнү чыңдоонун маанилүүлүгүн баса белгилеп;

- Коомдордун жана экономикалардын келечегин калыптандырууда илимий-технологиялык прогресстин, анын ичинде жасалма интеллекттин жана санариптик технологиялардын зор потенциалын *тааныу менен*, аларды Түрк дүйнөсүнүн жыргалчылыгы үчүн жоопкерчиликтүү пайдаланууну камсыз кылууда парламенттердин жигердүү катышуусунун маанилүүлүгүн *баса белгилеп*;

- ТүркПАнын тышкы байланыштарынын чыңдалышын жана жалпы максаттарды илгерилетүүнүн жана парламенттик дипломатияны

өнүктүрүүнүн каражаты катары анын эл аралык өнөктөштүк тармагынын кеңейишин *кубаттап*;

- Аял парламентарийлердин жана жаш парламентарийлердин чечимдерди кабыл алуу процессине кеңири жана тең укуктуу катышууну камсыз кылууга, парламенттик дипломатияны өнүктүрүүгө жана түрк мамлекеттеринин ортосундагы кызматташтыкты чыңдоого кошкон баалуу салымдарын *баса белгилеп;*

- ТүркПАнын парламенттер аралык диалог жана кызматташтык үчүн натыйжалуу аянтча, ошондой эле түрк мамлекеттеринин институттук кызматташтыгын мыйзам чыгаруу багытында камсыз кылуучу негизги таяныч катары өсүп жаткан ролун *тааануу менен*;

- ТүркПАдагы Казакстан Республикасынын Курултайынын төрагалыгынын ийгиликтүү аякташын жана 2025-жылдын 12-июнунда Астана шаарында өткөн XIV Пленардык отурумдан бери ТүркПАнын алкагындагы кызматташтыкты чыңдоодо жетишилген олуттуу ийгиликтерди баса белгилеп;

Парламенттик Ассамблея төмөнкүлөрдү жарыялайт:

1. Түрк дүйнөсүнүн жалпы көз карашын ишке ашырууга кошкон салымын жогорулатуу максатында ТүркПАнын алкагындагы кызматташтыкты мындан ары чыңдоого жана ТүркПАнын институционалдык потенциалын бекемдөөгө болгон чечкиндүүлүгүн дагы бир ирет ырастайт;

2. ТүркПАнын Катчылыгынын Түрк мамлекеттер уюму (ТМУ) жана ага байланыштуу мекемелер менен кызматташтыкты мындан ары тереңдетүү боюнча жүргүзүп жаткан ишмердүүлүгүн кубаттайт, түрк кызматташтыгын өнүктүрүүдө жетишилген ийгиликтерди жогору баалайт жана ТМУнун алкагында белгиленген максаттарды жана милдеттерди колдоорун дагы бир жолу ырастайт;

3. Азербайжан Республикасынын Габала шаарында 2025-жылдын 7-октябрында "Аймактык тынчтык жана коопсуздук" темасынын алдында өткөн ТМУнун Он экинчи саммитинин жыйынтыктарын жогору баалап, Азербайжан Республикасынын ТМУга учурдагы төрагалыгын кубаттайт жана Уюмдун артыкчылыктуу багыттарын илгерилетүүгө кошкон салымын жогору баалайт;

4. Түрк дүйнөсүнүн руханий борбору болгон Түркстан шаарында 2026-жылдын 15-майында “Жасалма интеллект жана санариптик

өнүгүү” темасында өткөн ТМУнун бейформал саммитинин жыйынтыктарын кубаттайт;

5. 2025-жылдын 30-ноябрында Кыргыз Республикасында өткөн мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоонун, 2026-жылдын 15-мартында Казакстан Республикасында өткөн конституциялык референдумдун жана 2026-жылдын 23-августунда Казакстан Республикасында өткөн парламенттик шайлоонун ийгиликтүү өткөрүлүшү менен куттуктайт, аталган шайлоолорго жана референдумга байкоо жүргүзгөн ТүркПАнын эл аралык миссияларынын ишмердүүлүгүнө оң баа берет, ошондой эле мүчө мамлекеттердин тиешелүү парламенттик жана шайлоо органдарынын ортосунда улуттук мыйзамдарга жана эл аралык стандарттарга ылайык шайлоо мыйзамдары, шайлоолорду уюштуруу жана өткөрүү, ошондой эле шайлоолорго байкоо жүргүзүү жаатында тажрыйба жана ийгиликтүү иш ыкмалары менен мындан ары да алмашууга чакырат;

6. Казакстан Республикасында жүргүзүлүп жаткан реформаларды, анын ичинде 2026-жылдын 15-мартындагы жалпы элдик референдумда жаңы Конституциянын кабыл алынышы менен ишке ашырылган конституциялык реформаны колдойт. Жаңы Конституциянын негизинде Казакстан Республикасынын бир палаталуу Курултайы түзүлгөнүн, ошондой эле бул өзгөрүүлөрдүн өлкөнүн конституциялык түзүлүшүн жана саясий институттарын өнүктүрүүдөгү, демократиялык башкарууну өркүндөтүүдөгү жана адам укуктарын коргоодогу маанисин белгилейт;

7. 2026-жылдын 16-апрелинде Стамбул шаарында Парламенттер аралык Бирликтин (ПАБ) 152-Ассамблеясынын алкагында өткөн ТүркПАга мүчө мамлекеттердин парламенттеринин төрагаларынын биринчи бейформал жолугушуусун өткөрүлгөнүн жогору баалайт жана ТүркПАнын Кеңешинин мүчө мамлекеттердин парламенттеринин төрагаларынын катышуусунда жылына бир жолу өткөрүлүүчү бейформал жолугушууларын ТүркПАнын Кеңешинин кезектеги жыйындары менен катар өткөрүүнү түрк мамлекеттеринин ортосундагы жогорку деңгээлдеги парламенттик диалогду жана кызматташтыкты өнүктүрүүнүн баалуу аянтчасы катары колдойт;

8. ТүркПАга мүчө парламенттердин төрагаларынын жалпы кызыкчылык туудурган маселелер боюнча, анын ичинде ири эл аралык жана парламенттер аралык иш-чаралардын алкагында өткөрүлүүчү кеңешүүлөрүн парламенттик дипломатиянын, өз ара

пикир алышуунун жана ишенимди бекемдөөнүн натыйжалуу каражаты катары колдойт;

9. Парламенттик дипломатияны чыңдоо жана өз ара түшүнүшүүнү тереңдетүү максатында ТүркПАга мүчө парламенттердин тиешелүү туруктуу комитеттерин аймактык жана эл аралык кырдаал, ошондой эле жалпы кызыкчылык туудурган маселелер боюнча үзгүлтүксүз байланышта болууга жана пикир алмашууга үндөйт;

10. Зарыл болгон учурларда мүчө парламенттердин тиешелүү ыйгарым укуктарын жана улуттук деңгээлде позицияларын эске алуу менен, алардын эл аралык жана региондук парламенттик уюмдардагы делегацияларынын ортосунда өз ара кызыкчылык туудурган маселелер боюнча консультацияларды өткөрүүнү жана маалымат алмашууну улантууга чакырат;

11. Жасалма интеллекттин жана санариптик технологиялардын саясий, укуктук жана коопсуздук чөйрөлөрүнө тийгизген таасири улам күчөп жатканын белгилейт жана аларды жоопкерчиликтүү, коопсуз жана коомдун кызыкчылыгына ылайык пайдаланууга шарт түзүү максатында түрк мамлекеттеринин бул жаатагы мыйзамдарын шайкеш келтирүүгө чакырат;

12. Мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууда жана талдоодо, парламенттик изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, маалыматтарды жана билимдерди башкарууда, коомчулуктун катышуусун камсыз кылууда, маалыматка жеткиликтүүлүктү кеңейтүүдө жана парламенттик кызматтарды көрсөтүүдө жасалма интеллектти жана санариптик технологияларды жоопкерчилик менен пайдаланууга, мында ачык-айкындуулукту, отчеттуулукту, маалыматтарды коргоону, киберкоопсуздукту жана адам тарабынан натыйжалуу көзөмөл жүргүзүлүшүн камсыз кылууга чакырат;

13. Парламенттердин киберкоопсуздугун камсыз кылуу, санариптик коркунучтарга туруктуулугун жогорулатуу, ошондой эле парламенттик маалыматтарды, байланыш системаларын жана маалыматтар базасын жаңыдан пайда болуп жаткан киберкоркунучтардан коргоо жаатында мүчө парламенттердин ортосунда кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана тажрыйба алмашууга чакырат;

14. Маданият, илим, билим берүү жана маалымат чөйрөлөрүндө санариптик технологияларды жана жасалма интеллектти жоопкерчиликтүү, коопсуз жана этикалык талаптарды сактоо менен пайдаланууну, ошондой эле бул багытта мүчө мамлекеттердин

санариптик трансформация, киберкоопсуздукту камсыз кылуу жана жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы кызматташтыгынын маанилүүлүгүн белгилейт;

15. Мыйзам чыгаруу жана парламенттик ишмердүүлүк жаатында тажрыйба алмашуу, ТүркПАнын эл аралык деңгээлдеги таанымалдыгын арттыруу жана парламенттик дипломатияны өнүктүрүүгө салым кошуу максатында мүчө парламенттерди жана ТүркПАнын Катчылыгын ыйгарым укуктарынын жана ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу укуктук негиздердин чегинде региондук жана эл аралык уюмдар, ошондой эле тиешелүү тармактык бирикмелер менен байланыштарды жана кызматташтыкты мындан ары кеңейтүүгө чакырат;

16. Эл аралык уюмдардагы түрк мамлекеттеринин делегацияларынын ортосундагы координацияны жана тилектештикти чыңдоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт жана 2025-жылдын 17-ноябрында Стамбул шаарында ЕККУ ПАнын 23-күзгү сессиясынын алкагында Мажарстандын жана Өзбекстандын делегацияларынын катышуусунда ТүркПАга мүчө мамлекеттердин ЕККУ ПАдагы делегацияларынын биринчи координациялык жолугушуусунун уюштурулушун кубаттайт;

17. 2026-жылдын 11-мартында ТүркПА менен ТММФтин ортосунда Түрк мамлекеттеринин ортосундагы маданий жана саясий байланыштарды чыңдоого, ошондой эле түрк маданий жана саясий мурасын региондук жана эл аралык деңгээлде илгерилетүүгө багытталган Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлушун кубаттайт;

18. 2026-жылдын 25-июнунда Тынчтык жана толеранттуулук боюнча Глобалдык кеңеш (ТТГК) менен Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлушун тынчтыкты, толеранттуулукту, маданияттар аралык диалогду жана өз ара түшүнүшүүнү илгерилетүү жаатындагы кызматташтыкты чыңдоого багытталган кадам катары кубаттайт. Аталган меморандум ТүркПА менен ТТГКнын ортосундагы мамилелерди мындан ары өнүктүрүү үчүн негиз түзөт;

19. Моделдик мыйзамдарды иштеп чыгуу боюнча кызматташтыкты чыңдайт, алардын натыйжалуулугуна баа берүүнү, мыйзам чыгаруу ишинде топтолгон тажрыйба жана алдыңкы практикалар менен алмашууну, ошондой эле зарыл болгон учурларда моделдик мыйзамдарды кайра карап чыгып, жаңылоону кубаттайт;

20. ТүркПАнын укуктук жана институционалдык негиздерин чыңдоого, анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, финансылык туруктуулугун жана ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган Катчылыктын аракеттерин жогору баалайт;

21. ТҮРКПАнын Аял парламентарийлер тобунун жана Жаш парламентарийлер тобунун ишмердүүлүгү кеңейип жатканын жогору баалайт жана аталган топторду өз ара кызматташтыкты чыңдоого, аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, жаштардын катышуусун арттырууга, ошондой эле туруктуу жана инклюзивдүү өнүгүүгө жетишүүгө мындан ары да салым кошууга чакырат. Ошону менен бирге аталган топторду үзгүлтүксүз тажрыйба алмашуу, биргелешкен демилгелерди ишке ашыруу жана эл аралык жана региондук парламенттик иш-чараларга катышуу аркылуу парламенттик дипломатияны өнүктүрүүгө салым кошууну улантууга чакырат;

22. Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Жыйынынын алдында түзүлгөн Улуттук тилектештик, бир туугандык жана демократия комиссиясынын ишин кубаттайт жана бул демилге аймактагы тынчтыкты, туруктуулукту жана гүлдөп-өнүгүүнү чыңдоого олуттуу салым кошот деген ишенимин билдирет;

23. 1926-жылы Баку шаарында өткөн Биринчи түркологиялык конгресстин узак убакыттан бери сакталып келе жаткан интеллектуалдык жана тарыхый маанисин баса белгилейт жана анын жүз жылдыгын белгилөөнү илимий кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүгө, ошондой эле түрк тарыхын, тилдерин, адабиятын жана маданий мурасын изилдөөнү илгерилетүүгө мүмкүнчүлүк берген маанилүү учур катары кубаттайт;

24. Кыргыз Республикасында 2026-жылдын 31-августунан 6-сентябрына чейин өткөн Алтынчы Дүйнөлүк көчмөндөр оюнунун ийгиликтүү өткөрүлүшүн кубаттайт жана аталган иш-чара түрк элдеринин бай маданий мурасын, каада-салттарын жана баалуулуктарын, ошондой эле салттуу спорт түрлөрүн сактоого жана аларды эл аралык деңгээлде илгерилетүүгө, ошондой эле элдердин ортосундагы маданий жана гуманитардык кызматташтыкты чыңдоого олуттуу салым кошконун белгилейт;

25. Мүчө мамлекеттерди биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, академиялык тажрыйба алмашуу жана маданий демилгелерди ишке ашыруу аркылуу жалпы тарыхый, маданий жана руханий

мурастарын изилдөө, сактоо жана жайылтуу жаатындагы кызматташтыкты мындан ары да чыңдоого чакырат;

26. Түрк кызматташтык уюмдарынын ортосундагы кызматташтыкты жана өз ара координацияны күчөтүүнүн маанилүүлүгүн дагы бир ирет ырастайт жана 2026-жылдын 30-январында Стамбул шаарында өткөн Түрк кызматташтык уюмдарынын Координациялык комитетинин 6-жыйынынын жыйынтыктарын жогору баалайт;

27. Түрк кызматташтык уюмдарынын ишмердүүлүгү жана жалпы артыкчылыктуу багыттары боюнча парламенттер аралык пикир алмашууну жана кеңешүүлөрдү кеңейтүүгө, ошондой эле түрк мамлекеттеринин кызматташтыгынын алкагында кабыл алынган демилгелерди мыйзамдык жактан колдоону күчөтүүгө чакырат;

28. Казакстан Республикасынын Курултайынын ТүркПАдагы төрагалыгынын ийгиликтүү өтүшүн жана анын ТүркПАнын алкагындагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана институционалдык өнүгүүгө кошкон баалуу салымын жогору баалайт;

29. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ТүркПАга төрагалык кылууга киришүүсүн кубаттайт жана анын төрагалыгынын алкагында ТүркПА өзүнүн максаттарын илгерилетүүнү улантып, түрк мамлекеттеринин ортосундагы парламенттер аралык кызматташтыкты мындан ары да чыңдайт деген ишенимин билдирет;

30. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бишкек шаарында көрсөткөн жылуу меймандостугун жана ТүркПАнын XV Пленардык отурумунун жогорку деңгээлде уюштурулушун жогору баалайт;

31. 2027-жылы Түркия Республикасында ТүркПАнын XVI Пленардык отурумун өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алат.